# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ
# БИЛИМ БЕРҮҮНҮН САПАТЫН БААЛОО ЖАНА МААЛЫМАТ ТЕХНОЛОГИЯЛАРДЫН УЛУТТУК БОРБОРУ

## ОКУУЧУЛАРДЫН БИЛИМ ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИН БААЛОО

***Математика***
***Кыргыз тили***
***Окуу жана түшүнүү***

**5-КЛАСС**

**А ВАРИАНТЫ**

Областы, шаары, району ____________________
____________________

Мектеп ____________________

Мектептин коду: | | |

( администратор толтурат)

Окуучунун аты-жөнү ____________________

Окуучунун идентификациялык номери: (администратор толтурат) | | |



# Математика

## 1-Бөлүм

**№ 1.** Туюнтманын маанисин тапкыла:
$2 \cdot 18 + 36 : 3 =$
А) 24
Б) 46
В) 35
Г) 48

**№ 2.** Туюнтманын маанисин тапкыла:

70000+8000+500+20+9=
А) 780529
Б) 78529
В) 785029
Г) 708529

**№ 3.** Кошууда компоненттер кандай аталат?
А) көбөйүүчү, көбөйтүүчү, көбөйтүндү
Б) кошулуучу, кошуучу, сумма
В) бөлүнүүчү, бөлүүчү, тийинди
Г) кемүүчү, кемитүүчү, айырма

**№ 4.** Теңдемени чыгаргыла: $28 + x = 60$
А) 88
Б) 42
В) 32
Г) 78

**№ 5.** Теңдемени чыгаргыла: $560 : x = 20$
А) 28
Б) 540
В) 280
Г) 1120

**№ 6.** $35 \cdot 220$ туюнтмасын, мааниси өзгөрүлбөгөндөй кылып дагы кандай түрдө жазууга болот?
А) $7 \cdot 5+11 \cdot 20$
Б) $35 \cdot 200+20$
В) $35 \cdot (200 \cdot 20)$
Г) $35 \cdot (11 \cdot 20)$

**№ 7.** Кайсы туюнтмада, амалдарды аткаруу тартиби туура көрсөтүлгөн?

4 1 2 3
А) 900-(22+22·11):3

1 2 3 4
Б) 900-(22+22·11):3

4 2 1 3
В) 900-(22+22·11):3

1 3 2 4
Г) 900-(22+22·11):3

**№ 8.** 1 тоннада канча кг бар?
А) 1 кг
Б) 100 кг
В) 10 кг
Г) 1000кг

**№ 9.** 721 см де…бар.
А) 7 дм 21 см
Б) 72 м 1 см
В) 7 м 21 дм
Г) 72 дм 1 см

**№ 10.** Кайсы барабарсыздык туура?
А) 9 т 050 кг<9 т 5 кг
Б) 9 т 050 кг>9 т 5 ц
В) 9 т 050 кг>9 т 500 кг
Г) 9 т 050 кг<9 т 5 ц

**№ 11.** 2556 санын 56 га бөлгөндө канча калдык калат?
А) 56
Б) 16
В) 0
Г) 36

**№ 12.** $8 \cdot x = 8+8+8$ теңдемедеги белгисиздин маанисин тапкыла.
А) 2
Б) 5
В) 3
Г) 4

**№ 13.** Ойлонулган санды 50 гө бөлсө 60 болду. Кайсы сан ойлонулган?
А) 30
Б) 300
В) 3000
Г) 10

**№ 14.** 5 санынын квадраты ... барабар.
А) 15
Б) 25
В) 10
Г) 20

**№ 15.** Бий ийрими 14 саат 40 мүнөттө башталат, эгер ийрим 1 саат 30 мүнөткө созулса, анда ал саат канчада бүтөт?
А) 16 саат 10 мүнөттө
Б) 16 саат 50 мүнөттө
В) 15 саат 50 мүнөттө
Г) 16 саат 20 мүнөттө

**№ 16.** Жөө адам 3 саатта 15 км басып өттү. Анын ылдамдыгы канча?
А) 45 км/ч
Б) 5 км/ч
В) 5 км
Г) 17 км/ч

**№ 17.** Квадраттын периметри 224 см. Анын жагы канчага барабар?

А) 56 см
Б) 120
В) 506 см
Г) 12 см

**№ 18.** Сүрөттөрдүн ичинен тик бурчтуу үч бурчтуктардын номерлерин көрсөткүлө.




А) 3,4,7
Б) 2, 5
В) 1, 4
Г) 3, 7, 6

## 2-Бөлүм

**№ 19.** Сүрөттө 3 тик бурчтуу төрт бурчтуктар өлчөмдөрү менен көрсөтүлгөн. Фигуралардын жалпы аянтын тапкыла.




Жообу: __________________

**№ 20.** Класста 32 окуучу бар. Алардын $\frac{1}{4}$ бөлүгү хоккей ойнойт. Класста канча хоккеист бар?




Жообу: __________________

**Кыргыз тили**

**1-бөлүм**

**Тест тапшырмаларынын саны – 15**

**№1.** Окулган текст боюнча ой жүгүртүп өз алдынча жазылган тексттин аталышын белгиле.
А) сочинение
Б) изложение
В) конспект
Г) аңгеме

**№2.** *Байыштын санаасы санга бөлүндү.*
Сүйлөмдүн айтылыш максатына карата түрүн белгиле.
А) жай
Б) илептүү
В) суроолуу
Г) буйруктуу

**№3.** Жалаң сүйлөмдү белгиле.
А) – Жыпарбы?
Б) – Билбейм.
В) Ырыс алды – ынтымак.
Г) – Апеей, сен кайдан? – деди Бермет.

**№4.** Бала, балалык, балалуу, балдар - берилген сөздөрдүн ичинен сөз жасоочу мүчө аркылуу жасалган сөздөрдү белгиле.
А) бала, балдар
Б) балалык, балалуу
В) балалуу, бала
Г) балалуу, балдар

**№5.** Кошмок сөздөр:
А) куда-сөөк
Б) басма сөз
В) телеканал
Г) түштө

**№6.** Сүрөттөөдө көбүрөөк колдонулган сөз түркүмүн белгиле.
А) зат атооч
Б) сын атооч
В) этиш
Г) ат атооч

**№7.** Каткалаң үнсүз тыбыштарды белгиле.
А) п, т, с, ш
Б) б, д, з, ж
В) м, н, л, р
Г) х, ф, г, к

**№8.** *Жакында депутаттар жаңы законду талкуулашты.*
Сүйлөмдөгү этиш … чакта турат.
А) айкын келер чакта
Б) адат өткөн чакта
В) айкын өткөн чакта
Г) жалпы өткөн чакта

**№9.** Берилген сөздүн синонимин белгиле: **берешен**
А) сараң
Б) ач көз
В) колу ачык
Г) тымпыгый

**№10.** *Президент өтө маанилүү документке тез кол койду*
Сүйлөмдөгү татаал сын атоочту белгиле.
А) президент өтө
Б) өтө маанилүү
В) тез кол койду
Г) документке кол

**№11.** Жамдама санды уюштурган мүчөнү белгиле.
А) -ынчы
Б) -дай
В) -ча
Г) -оо, -өө

**№12.** *Ага эскертүү гана берилди.*
Сүйлөмдөгү ат атоочтун жөндөмөсүн белгиле.
А) илик
Б) табыш
В) чыгыш
Г) барыш

**№13.** Кош сөз түрүндөгү тактоочту белгиле.
А) бир паста
Б) бат-бат
В) азыраак
Г) Ысык-Көл

**№14.** Эки сөзү тең маани берген тууранды сөздөрдү белгиле.
А) күрүлдөп-шарылдап
Б) шарп-шурп
В) тырс-турс
Г) чак-чук

**№15.** *Мен уулума ыраазычылыгымды билдирдим.*
Сүйлөмдөгү барыш жөндөмөсүндө турган зат атооч сөздөрдү белгиле.
А) мен
Б) ыраазычылыгымды
В) уулума
Г) жок

## ОКУУ ЖАНА ТҮШҮНҮҮ
## 2-бөлүм
## Тест тапшырмаларынын саны – 9

**Тексттерди окуп чыгып, төмөндөгү суроолорго жооп бергиле.**

### Чыныгы достор

Мышык менен ит дос боло алышабы?

Бир күнү үйдүн ээси кичинекей күчүк алып келди. Ал аны боорсоктой борсоюп турганына карап Борсогой деп ат коюп койду. "Ит экен!" — деп ойлоп койду Чокчолой. Ал ага борсулдап үрүп эле тим болбостон, анын табагындагы даамдуу тамакты тиштей качкандын эбин таба койчу. Ушундай уятсыз тентекти ким жакшы көрмөк эле? Ошентип, Борсогой чуркап барып, табактагы тамакты сүйрөп кеткени адатка айланды, Чокчолой мүмкүн болсо, кээде ага тырмактары менен жооп бергенге аракет кылып калчу.

Бир жолу кожоюн балык уулоого күчүк менен мышыкты ээрчите кетти. Чоңоюп калган күчүк дарыянын жээгинде жүгүрүп ойноп жаткан, мышык болсо көпүрөнүн үстүндө күнөстөп жаткан.

Бир маалда Чокчолойдун мурдуна аары конуп, чагып алды. Чоочуп кетип мышык ордунан ыргып турганда түз эле сууга кулады. Ал, чоңойгон мышык болсо да, сүзгөндү билчү эмес.

"Мына!", - деп ойлоду Чокчолой - "Бүттү!". Бирок, күтүлбөгөн жерден аны бирөө мурду менен жээкке түрткүлөп баратканын түшүндү. Ал Борсогой болчу.

Ошондон бери Чокчолой менен Борсогой эң ынак достордон. Борсогой, Чокчолойго аарыларды жолотпой кууйт, ал болсо тамагынан бөлүшөт. (164 сөз)

**16. Тексттин негизги идеясын чагылдырган билдирүүнү тап.**
А) Үй ээлери үйгө кичинекей күчүк алып келишти.
Б) Чыныгы достук кантип пайда болот?
В) Чокчолой менен Борсогой эң ынак достор.
Г) Чокчолойду мурдун аары чакты.

**17. Чокчолой эмне үчүн сууга түшүп кетти?**
А) Сууга түшүп чыгууну ойлогон.
Б) Чоочуганда, ыргып турам деп.
В) Аны күчүк сууга түртүп ийди.
Г) Ит аны сууга сүйрөп барган.

**18. Сүйлөмдө белгиленген сөз айкашын кайсы сүйлөм алмаштыра алат?**
**"Мына!"**, - деп ойлоду Чокчолой - **"Бүттү!".**
А) Балык уулоо аяктайт
Б) Сууда сүзүү аяктайт.
В) Жыргалчылык бүттү.
Г) Азыр жашоо токтойт.

**19. Автор күчүктү эмне үчүн уятсыз деп атаган? 2 мисал келтирип жаз**
**1.**________________________________________________________________
**2.**________________________________________________________________
________________________________________________________________

**20. « Жашоосу ит менен мышыктай » деген сөз бар эмеспи.**
**Кандай түшүнөрүңдү жаз.**
________________________________________________________________
________________________________________________________________

## Жалал-Абад курорту

Курорт көз жоосун алган Көк-Арт өрөөнүнүн түштүк-чыгыш бөлүгүнөн орун алган.

Климаты жумшак, жапыз тоолуу айтылуу Жалал-Абад курорту ысык минералдык булактары менен X кылымда эле белгилүү болгон. Бул жерге Афганистандын, Кытайдын, Индиянын оорулуу адамдары келип дарыланып, сакайып кетишчү. Сууларынын жагымдуулугу, курамы боюнча бири-биринен айырмаланган Кыз-Булак, Шор-Булак сыяктуу ондогон булактар бар. Алар жөнүндө эл ичинде ар кандай уламыштар айтылып келет. Илгерки заманда Аюб деген пайгамбар жашаптыр. Ал өтө оорулуу болуп, денеси бут бойдон жара болуп кеткен экен. Пайгамбарга периштенин боору ооруп, бир куну ага мындай дейт: - Сен турган жерлерди бутун менен теп. Пайгамбар жерди оң буту менен тепсе, ал жерден ысык суу чыгат. Ошол сууга Аюб жуунуп, денесиндеги жарааттардан айыгат. Сол буту менен жерди тепсе, жылуу суу чыгат. Ал суудан ичип, бүт оорусунан айыгып кеткен экен. Ошондон улам курортун бул булагы ал пайгамбардын атынан аталып калган дешет.

Адам суктанаарлык ажайып кооз жаратылышына айкалышкан касиеттүү сууларынын көптөгөн дартка даба болушу менен азыр Жалал-Абад курортунун атагы Орто Азияга гана эмес, чет өлкөлөргө да белгилүү. (161 сөз)

**№21. Курорттогo булактар эмнеси менен айырмаланат?**

А) жумшак климаты
Б) кооз жаратылышы
В) оролгон чөптөрү
Г) суусунун курамы

**№22. Жалал-Абад курортундагы минералдык булактар белгилүү болгон мезгилди белгиле.**

А) X кылымда
Б) 10 кылым кийин
В) X кылым мурда
Г) 12 кылым мурун

**№23. Тексттеги уламыш боюнча булактын аталышын жаз.**

______________________________________________________________________

__________

**№24. Курорттун атагы эмнеге байланыштуу? Жообуңду жаз.**

______________________________________________________________________